**Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фондун башкаруу боюнча Дирекциясынын 2021-жылдын январь-декабрь айларына карата аткарган иштери боюнча маалымат**

**2021-жылдын январь-декабрь** айларында Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фондун башкаруу боюнча дирекциясы тарабынан төмөндөгүдөй жумуштар аткарылды.

2021-жылга карата Ысык-Көлдү өнүктүрүү фондусунун Байкоочу кеңеши тарабынан бекитилген план 1 101,6 млн. сомду түзгөн. Бул акча каражатынын ичинде 2020-жылдын планынан калдык 409,6 млн.сом акча каражаты кирет.

Ал эми, "Кумтор Голд Компани" ЖАК тарабынан 656,3 млн.сом фондко келип түштү.

**Жалпысынан райондорго бөлүнүшү (млн.сом)**

| | Район жана шаарлардын аталыштары | ПЛАН | ФАКТ |
|---|---|---|---|
| 1 | Жети-Өгүз | 192 124,5 | **175 948,7** |
| 2 | Тоң | 125 535,0 | **111 486,3** |
| 3 | Балыкчы | 133 858,5 | **116 027,9** |
| | **Эскроу эсеп баардыгы** | **451 518,0** | **403 462,9** |
| 1 | Ак-Суу | 94 433,2 | **82 070,1** |
| 2 | Ысык-Көл | 114 219,8 | **95 538,1** |
| 3 | Түп | 103 101,4 | **102 067,2** |
| 4 | Каракол | 95 702,0 | **93 283,4** |
| | **Атайын эсеп баардыгы** | **407 456,4** | **372 598,9** |
| | Облустук мекемелер | 242 624,6 | **230 224,5** |
| | **Всего** | **1 101 624,6** | **1 006 646,3** |

**Тармактарга бөлүнүшү төмөндөгүдөй (млн.сом менен)**

***-Билим берүү тармагы*** **124,2** ***миң сом;***

Жети-Өгүз району боюнча Боз-Бешик айылында, сметалык баасы бала бакчанын курулуш иштери аяктоо алдында туруудa. Светлая Поляна айылында балдар бакчасынын имараттары бүткөрүлүп колдонууга берилди. Ак-Дөбө айылындагы мектептин курулушу аяктап колдонууга берилди. Мындан тышкары, Кабак айылында мектептин спортзалы менен курулууда, бул объектининин мектебинин имаратын курулушун 2022-жылдын аягына чейин колдонууга берилиши пландалууда. Мындан тышкары Жети-Өгүз районунун Ан-Өстөн, Кытай айылдарына мектептин жана Желе-Дөбө, Жалгыз-Өрүк айылдарына балдар бакчасынын курулушун баштоого даярдыктар көрүлүүдө.

Тоң районунун Ак-Өлөң айылында бала бакчанын курулуш, Коңур-Өлөң айылында бала бакчанын реконструкциялоо иштери башталды.

Ак-Суу районунунда Жаңы-Арык айылындагы мектептин курулушу 90 пайыз аяктап 2022-жылдын жай мезгилдерине колдонууга берилиши пландалууда. Ысык-Көл районунун Темир жана Григорьевка айылдарында жаңы бала бакчалардын курулушун баштоо пландалууда. Мындан тышкары көптөгөн мектептердин материалдык техникалык базалары чыңдалып, оңдоо иштери дагы жүргүзүлдү.

**-Саламаттыкты сактоо тармагы 33,4 миң сом;**

Облустук бириккен ооруканасынын, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун, санитардык эпидемиологиялык башкармалыгынын жана башка саламаттыкты сактоо тармагынын мекемелеринин имараты оңдоодон өткөрүлүп берилди. Ак-Суу районунун Шапак айылына жана Тоң районунун Алабаш айылына ФАП куруу пландалууда. Жети-Өгүз районунун Дархан айылына үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун имараты курулуп берилди. Ошондай эле, Маман айылындагы ФАПтын курулушу аяктап колдонууга берилди.

**-Маданият тармагы 39,4 миң сом;**

Тоң районундагы Төрт-Күл айылынын маданият үйүнүн курулушун аяктап, жаз мезгилинде колдонууга берилди. Ошондой эле объектинин курулушу Темир-Канат айылында башталды. Балыкчы шаарынын маданият үйү капиталдык оңдоодон өткөрүлдү. Ысык-Көл районунунун Чолпон-Ата шаарында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана саясий ишмери Ж. Абдрахмановдун паркын уюштурулду. Ошондой эле, Каракол шаарында Ж. Абдрахмановдун жана К.Тыныстановдун эстеликтеринин айланасы оңдолду. Пристань- Пржевальск айылындагы музейдин аймагына жаңы эс алуучу жай уюштурулду. Түп районунун Тасма айылында маданият үйүнүн курулушу аяктоо алдында туруууда. 2022-жылдын жаз мезгилдеринде колдонууга берилиши пландалууда. Каракол шаарындагы К. Тыныстанов атындагы драма театрынын жана башка райондук маданият үйлөрүнүн материалдык техникалык базалары чыңдалып келүүдө.

***-Спорт тармагы 45,2 миң сом;***

Тоң районунун Доң-Талаа айылында, Ысык-Көл районунун Тамчы айылында спортзалдардын курулуш иштери аяктоо алдында турууда, ошондой эле спортзалдардын курулушу Түп районунун Күрмөнтү жана Кең-Суу айылдарында улантылууда. Мындан тышкары кичи футбол аянтчалары Ак-Суу районунун Үч-Кайнар, Боз-Булуң, Бөрү-Баш, Чолпон, Ысык-Көл районунун Тору-Айгыр, Григорьевка, Ананьево айылдарында бүткөрүлүп берилди жана Жон-Булак айылында курулушу аяктоо алдында турууда. Ал эми Чолпон-Ата шаарында жаңы башталды.

***-Жол жана суу менен камсыздоого* 250,7 *миң сом;***

Каракол шаарынын Торгоев көчөсүн оңдоого 49,0 млн.сомго курулуш материалдарын алууга тендер өткөрүлүп, жол оңдоо иштерин жүргүзүп келүүдо. Ошондой эле, Пржевальск жана Токтогул көчөлөрүнүн жолдорун оңдоого 56,0 млн. сом өздүк салым катары бөлүнүп берилди. Балыкчы шаарындагы 105,0 млн. сомго жол оңдолуп аяктоо алдында турат.

Суу маселеси боюнча, Тоң районунун Чокмор-Ата участогуна БСР куруу боюнча долбоордук иш кагаздарын даярдалууда. Ак-Терек айыл аймагынын Ала-Көз-Каба каналынын 1800 м оңдолду жана дагы 2000 м оңдоо иштери башталды. Тоң суу башкармалыгынын суу текшерүүчү приборлору алынып берилди. Жети-Өгүз районунун Ак-Дөбө айылында насостук станция оңдолуп ишке берилди. Ак-Суу районунун Отуз Уул жана Чолпон айылдарында БСРлердин тазалоо иштери аяктап колдонууга берилди. Ушундай эле иштер Ысык-Көл районунун Григорьевка жана Кожояр айылдарынын тазаланып бүткөрүлдү. Мындан тышкары Ак-Суу районунун Тепке айылынын ички каналдарына лотоктор орнотулду жана Ак-Чий айылынын каналдарын оңдоо боюнча иштер

жүрүүдө. Мындан тышкары Түп айылынын ирригация системасын оңдоого курулуш материалдары жана күйүчү, майлоочу каражаттары алынып берилди.

Жети-Өгүз районунун жана Жаргылчак айылдарында таза суу системасы оңдолуп ишке берилди. Ак-Суу районунун Үч-Кайнар айылында таза суу системасы толугу менен оңдолуп колдонууга берилди. Тоң району боюнча Тоң жана Кажы-Сай айылдарынын таза суу системасын оңдоо боюнча иштер жүрүүдө. Мындан тышкары облустун 6 айылында (Тоң районунун Кара-Коо, Тоң айылдары жана Сары-Талаа участогу. Ак-Суу районунун Тегизчил, Жылдыз, Бору-Баш айылдары) таза суу системасын жакшыртуу максатында суу сордуруучу насостор алмаштырылды.

**-Долбоорлордун өздүк салымдарга 68,1 миң сом;**

Облустун айыл аймактары ар кандай эл аралык уюмдарга долбоорлорду жазуу менен, көптөгөн долбоорлор колдоого алынып, өздүк салым катары берилүүчү акча каражатын колдоп келүүдөбүз.

**-Киреше алып келүүчү долбоорлорго 379,2 миң сом;**

2021-жылга карата 112 киреше алып келүүчү долбоорлор колдоого алынып, бүгүнкү күндө мунун ичинен 10 долбоор жеңил өнөр жай тармагында берилип 1800 ашуун иш орундары түзүлдү. Мындан тышкары айыл чарба багытында көптөгөн долбоорлор колдоого алынып, айыл жергесиндеги тургундарды 1000-1200 иш орду менен камсыздаганга жетиштик. Жалпысынан фонддун акча каражатынын эсебинен 143 долбоору каржыланып берилди.

2021-жылы Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фонду тарабынан жеңил өнөр жай тармагына, башкача айтканда, тигүү цехтерин ачууга 185 миллион сомдон ашык каражат бөлүндү. Бул болжол менен 1800 ашуун жумушчу орун түзүлдү. Учурда облуста 5 ири тигүү цехи толук кандуу иштеп жатат. Жалпы саны 1290 жумуш орунун түзөт. Жакынкы арада Ак-Булак айылына «Салкын» ЖЧКсынын 120 орундуу тигүү цехинин филиалын ачуу пландалууда. Каржылоонун көлөмү 10 млн сомду түздү. Ошондой эле, Каракол шаарына дагы 200 орундуу тигүү цехинин ачылышы күтүлүүдө. Каржылоонун көлөмү 30 млн.сомду түздү. Ал эми жалпы киреше алып келүүчү долбоорлордун саны 112 түздү. Тармактарга бөлүнүшү төмөндөгүдөй:

***-Башкалар боюнча 66,4 миң сом;***

Башка тармактар боюнча мамлекеттик жана муниципалдык мекемелеринин материалдык техникалык базасын чыңдоо менен, имараттарды оңдоодон өткөрүп, мамлекеттик кызматкерлердин иштөөсүнө жакшы шарттарды түздүк деп ойлойбуз.

**2021-жылга карата облус боюнча төмөндөгү обьектилердин курулушу бүткөрүлүп, колдонууга берилди:**

1. Светлая Поляна айылындагы 140 орундуу бала бакча
2. Ак-Дөбө айылындагы мектеп
3. Жети-Өгүз районунун Дархан айылына үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун имараты Маман айылындагы ФАПтын курулушу аяктап колдонууга берилди.

4. Тоң районундагы Төрт-Күл айылынын маданият үйүнүн курулушун аяктап, жаз мезгилинде колдонууга берилди
5. Каракол шаарында Ж. Абдрахмановдун жана К.Тыныстановдун эстеликтеринин айланасын оңдолду.
6. Пристань Пржевальск айылындагы мүзейдин аймагына жаңы эс алуучу жай уюштурулду.
7. Чолпон-Ата шаарында ишмер Жусуп Абдрахманов атындагы парк ондоп түзөөдөн өттү
8. Түп районунун Талды-Суу айылында спорт зал
9. Түп районунун Арал айылындагы спорт зал
10. 2021-жылы жалпысынан 10 тигүү цехи ачылып, 1800 ашуун жумуш ордулары түзүлдү.

**2022-жылы курулушу аяктап, колдонууга берилчү объектилер.**

1. Жаны-Арык айылындагы 320 орундуу мектеп спорт залы менен.
2. Тамчы айылындагы спорт зал
3. Балыкчы шаарындагы Т.Океев атындагы көчө
4. Боз-Бешик айылындагы 50 орундуу бала бакча. Маданият үйүн бала бакчага айландыруу (перепрофилирование)
5. Липенка айылындагы 100 орундуу мектеп
6. Кабак айылындагы 275 орундуу мектеп
7. Ичке-Булун айылындагы бала бакча
8. Тасма айылындагы маданият үйү
9. Кичи-Өрүктү айылындагы спорт зал
10. Дөн-Талаа айылындагы спорт зал
11. Шор-Булак айылындагы актовый зал
12. Темир-Канат айылындагы маданият үйү
13. Ак-Өлөң айылындагы бала бакча
14. Кен-Суу айылындагы спорт зал
15. Күрмөнтү айылындагы спорт зал
16. Балбай айылындагы бала бакча